КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНЕ КАРАШТУУ УЛУТТУК АТТЕСТАЦИЯЛЫК КОМИССИЯ

НАЦИОНАЛЬНАЯ АТТЕСТАЦИОННАЯ КОМИССИЯ ПРИ ПРЕЗИДЕНТЕ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

04-апрель 2023-ж. № 11 Бишкек ш.

**Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин (ИИМ) милициянын генерал-майору Э. Алиев атындагы академиясына караштуу юридика илимдери боюнча Д 12.22.648 диссертациялык кеңешти бекитүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу УАКтын 2022-жылдын 6-апрелиндеги № 30 буйругуна өзгөртүү киргизүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 2-сентябрында Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссия жөнүндө ПЖ №377 Жарлыгы менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссия жөнүндө жобону, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-январында Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын маселелери жөнүндө ПЖ №12 Жарлыгы менен бекитилген Диссертациялык кеңеш жөнүндө жобону жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын президиумунун 2023-жылдын 30-мартындагы № 119 токтомунун (№3д/к-4/1 протоколу) негизинде **буйрук кылам:**

1. Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана Кыргыз Республикасынын ИИМинин милициянын генерал-майору Э. Алиев атындагы академиясына караштуу юридика илимдери боюнча Д 12.22.648 диссертациялык кеңештин 12.00.11 – сот бийлиги, прокурордук көзөмөл, укук коргоо ишмердүүлүгүн уюштуруу, 12.00.14 - административдик укук; каржы укугу, маалымат укугу (авторефераты боюнча) адистиктери боюнча мүчөсү, юридика илимдеринин доктору, профессор Сабырова Кундуз Жумадиловна Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети, Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети жана Кыргыз Республикасынын ИИМинин милициянын генерал-майору Э. Алиев атындагы академиясына караштуу юридика илимдери боюнча диссертациялык кеңешке мүчө болуп киргизилип жаткандыгына; 12.00.14 - административдик укук; каржы укугу, маалымат укугу (авторефераты боюнча), 12.00.02 – конституциялык укук; муниципалдык укук (эмгектеринин жыйындысы боюнча) адистиктери боюнча мүчөсү, юридика илимдеринин доктору, профессор Молдоев Эдилбек Эсенович Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана Б. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетине караштуу юридика илимдери боюнча диссертациялык кеңешке мүчө болуп киргизилип жаткандыгына, 12.00.10 - эл аралык укук; европа укугу, 12.00.11 – сот бийлиги, прокурордук көзөмөл, укук коргоо ишмердүүлүгүн уюштуруу (эмгектеринин жыйындысы боюнча) адистиктери боюнча мүчөсү юридика илимдеринин доктору, профессор Джаянбаев Камалидин Ишмаматович дүйнөдөн кайткандыгына байланыштуу Д 12.22.648 диссертациялык кеңештин курамынан чыгарылсын.

2. аль – Фараби атындагы Казак улуттук университетинин жарандык укук жана жарандык процесс, эмгек укугу кафедрасынын башчысы, юридика илимдеринин доктору, профессор Тыныбеков Серикали 12.00.14 - административдик укук; каржы укугу, маалымат укугу (авторефераты боюнча) адистиги боюнча; Д. А. Кунаев атындагы Евразия юридикалык академиясынын илим-изилдөө иштери боюнча проректору, юридика илимдеринин доктору, доцент Алибаева Гульнар Айтчановна 12.00.02 – конституциялык укук; муниципалдык укук, 12.00.14 - административдик укук; каржы укугу, маалымат укугу (авторефераты боюнча) адистиктери боюнча юридика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертацияларды кароо укугу менен Д 12.22.648 диссертациялык кеңештин курамына киргизилсин.

3. Д 12.22.648 диссертациялык кеңештин 12.00.10 - эл аралык укук; европа укугу адистиги боюнча мүчөсү юридика илимдеринин доктору Айдарбаев Сагынгали Жоламановичке 12.00.11 – сот бийлиги, прокурордук көзөмөл, укук коргоо ишмердүүлүгүн уюштуруу (эмгектеринин жыйындысы боюнча) адистиги боюнча, 12.00.06 - жаратылыш ресурстары укугу; агрардык укук; экологиялык укук адистиги боюнча мүчөсү юридика илимдеринин доктору, профессор Рахметов Есил Шарипбаевичке 12.00.10 - эл аралык укук; европа укугу (эмгектеринин жыйындысы боюнча) адистиги боюнча юридика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертацияларды кароо укугу берилсин.

**Төрага** **Б. К. Тыналиева**